# Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкча коюлушу

Мугалим: Рыскелдиева А.З.

- Баш мүчөлөр ээ менен баяндоочтон турат.
- Анара тырышчаак кыздардан болот.

# Негизги эреже

- Ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкчанын коюлушу да грамматикалык принципке негизделет.
- Мында эң мурун сүйлөмдүн баяндоочун таап, анын милдетин кайсы сөз түркүмү аткарып турганын ажыратуу керек.
- Эгерде баяндоочтун милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атооч же кыймыл атоочтор аткарса, анда ээ менен баяндоочтун тобунун ортосуна (ээнин тобу менен баяндоочтун тобунун арасына) сызыкча коюлат:

Мисалы:

Биздин класстын эң шашмасы-Кутман.
Ар бир адамдын ыйык милдети — Ата Мекенди коргоо.

# Кайсы учурда сызыкча коюлат?

Сүйлөмдүн баяндоочу атооч жөндөмөдө турган зат, эсептик, жамдама сан атоочтордон болсо, ээден кийин сызыкча коюлат: *Макал атасы*— **сөз**, *мата атасы* — **бөз**. (Макал).
*Тиги көрүнгөн* - **Тоң району**. *Бир жүз элүүнүн жарымы* - **жетимиш беш**. *Социалисттик мелдештен жеңип чыккандар* - **жетөө**.

2. Жактама, шилтеме, өздүк ат атоочтор баяндооч болсо, ээ менен баяндоочтун ортосуна сызыкча коюлат: *Окуп жаткан - ал. Сүйлөгөн - сен. Үйдүн ээси - ошол. Келе жаткан - ушул. Окуган - өзүм. Айтып жаткан— өзү* ж. б.
3. Баяндоочтук милдетти иреттик сан атоочтор аткарса, ээден кийин сызыкча келет: *Ал* - *биринчи*. *Көрүнгөн— төртүнчү* ж. б.
4. Заттык мааниде колдонулган сын атооч сөздөр баяндоочтук милдетти аткарса, баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкча коюлат: *Жүрөк - коркок, кол - баатыр*. (Эл макалы.). *Гүл жакшысы— кызыл. Эр жакшысы – жоомарт* ж. б.

# Сызыкча коюлушу

- 1. Ээ менен баяндоочтун милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атооч аткарса, эгерде баяндоочко тиешелүү айкындооч мүчөлөр болсо, сызыкча ошол айкындооч мүчөлөрдөн мурда коюлат .
- Мисалы: Мээ- негизги орган. Дастан- тырышчаак бала.
- 2. Ээнин милдетин шилтеме ат атооч аткарып, баяндоочу атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор болсо коюлат.
- Мисалы:Тигил -Атайдын досу. Бул –менин кызым. Ал- мыкты окуучу.
- 3. Ээнин милдет заттык маанидеги атоочтук аткарып, баяндоочу атооч жөндөмөдөгү зат атоочтор болсо коюлат.
- Мисалы:Аябастан эмгекке
- Күчүн берген –мугалим.
- Убакыттын баркын билбей, сабактан качкан -окуучу.

# Сызыкча коюлушу

- Ээ менен баяндоочтун биринин милдетин атооч жөндөмөдөгү зат атооч аткарса, экинчисин кыймыл атооч аткарса, сызыкча коюлат .
- Мисалы: Ата Мекенди коргоо ыйык милдет. Ар биринин мидети-ишти өз убанында аткаруу.
- Эгерд бул, ошол, ал деген сөздөр кошулуп айтылса, сызыкча бул сөздүн алдына коюлат.
- Мисалы: Элге эрикиндик тартуулаган -ошол демократия
- Ээ менен баяндоочтор эсептик сан атоочтор болсо ,же баяндоочтун милдетин абстрактуу маанидеги сан атоочтор аткарса. Эки жерде эки –төрт.

# Сызыкча коюлбайт. Эгерде:

- **Зат атоочтон турган баяндоочко кызматчы сөзд өр айкашып айтылса, же аларга суроо, жак мүчөлөр уланса, баш мүөлөрдүн арасына сызыкча коюлбайт.**
- Сен аракетчил **баласың. Элнура биздин мыкты кыздырыбыз болчу. Мен окуучумун. Сен окуучусуңбү?**
- **Ээ зат атоочтон болуп, сан атоочтон турган баяндооч анын конкреттүү санын көрсөтсө, баш мүчөлөрдүн ортосуна сызыкча коюлбайт.**
- **Мисалы: Бизде айылга баруучулар кыркы беш.**